***МАДАНИЯТ ТААНУУ ИЛИМДЕРИ***
***КУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***CULTURAL SCIENCES***

***DOI: 10.26104/NNTIK.2022.36.53.046***

*Асилбекова В.М.*

## КЫРГЫЗ СҮРӨТ ИСКУССТВОСУНДАГЫ ЖАҢЫ ТОЛКУН

*Асилбекова В.М.*

## НОВАЯ ВОЛНА В КЫРГЫЗСКОМ ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОМ ИСКУССТВЕ

*V. Asilbekova*

## NEW WAVE IN KYRGYZ FINE ART

*УДК: 75.02(575.2)(04)*

*Макалада автор Кыргызстандын маданий мейкиндигинде «Кайра куруу» мезгилиндеги көркөм сүрөт искусствосунун өнүгүшүн талкууга алган. Автор бул мезгилдеги живописке өзгөчө көңүл буруп, «Жаңы толкун» мезгилиндеги сүрөтчүлөр тобунун чыгармачылыгын талдаган. Көркөм өнөрдөгү инновациялардын мүнөзүн, чыгармачылык активдүүлүгүнүн динамикасын ачып көрсөтүүгө аракет жасаган. Макалада өлкөнүн көркөм маданиятынын шартында кыргыз көркөм сүрөт искусствосунун өнүгүүсүнүн жалпы жана спецификалык өзгөчөлүктөрү изилденет. Автор XX кылымдын аяк чениндеги кырдаалга токтолуп, XXI кылымдын башындагы социалдык-маданий кайра куруулардын шартында пайда болгон кыргыз живописи жаңы тенденцияларды – образдык жана стилистикалык көп түрдүүлүк, көчмөндөрдүн дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү, ошондой эле европалык искусствонун таасири менен байыганын белгилеп кеткен. Кыргыз живописи модерден кийинки постмодерндүүлүктүн сапарына түшкөнү менен алардын кенептеринде улуттук өзгөчөлүк темаларда жана маани-мазмунунда чагылдырылгандыгын чечмелеп көрсөткөн.*

***Негизги сөздөр:*** *көркөм сүрөт искусствосу, руханият, живопись, маданият, стиль, модернизм, постмодернизм, образ, элдик чыгармачылык, салт.*

*В статье рассматривается развитие изобразительного искусства в культурном пространстве Кыргызстана в период "перестройки". Автор уделяет особое внимание живописи этого периода, анализируя творчества группы кыргызских художников под названиями «Новая волна». Раскрывается характер инноваций и динамика творческой деятельности в изобразительном искусстве. Изучены общие и специфические особенности развития кыргызского изобразительного искусства в контексте художественной культуры страны. Автор сосредоточил внимание на ситуации конца XX века и отметил, что кыргызская живопись, появившаяся в условиях социокультурных трансформаций начала XXI века, обогатилась новыми тенденциями – образно-стилистическим разнообразием, чертами мировоззрение кочевников, а также влияние европейского искусства. В статье автор показывает, что кыргызские художники культурной революции в Кыргызстане стали активно проникать в эстетические и художественные теории, течения и направления современного искусства на Западе. Киргизия, не прошедшая модернизм в силу исторических причин, сразу же была втянута в постмодернистское пространство. В истории современного искусства это явление вошло в историю как взрыв художественных объединений и творческих групп под названием «Новая волна», что трактовалось как отражение национальных особенностей в тематике и содержании их полотен.*

***Ключевые слова:*** *изобразительное искусство, духовность, живопись, культура, стиль, модернизм, постмодернизм, образ, народное творчество, традиция.*

*The article discusses the development of fine arts in the cultural space of Kyrgyzstan during the "perestroika" period. The author pays special attention to the painting of this period, analyzing the work of a group of young Kyrgyz artists called "New Wave". The nature of innovations and the dynamics of creative activity in the visual arts are revealed. The general and specific features of the development of the Kyrgyz fine arts in the context of the country's artistic culture are studied. The author focused on the situation at the end of the 20th century and noted that Kyrgyz painting, which appeared in the conditions of sociocultural transformations of the early 21st century, was enriched with new trends - figurative and stylistic diversity, features of the worldview of nomads, as well as the influence of European art. In the article, the author shows that the kyrgyz artists of the cultural Revolution in Kyrgyzstan began to actively penetrate into the aesthetic and artistic theories, trends and trends of contemporary art in the West. Kyrgyzstan, which did not go through modernism due to historical reasons, was immediately drawn into the postmodernist space. In the history of contemporary art, this phenomenon went down in history as an explosion of art associations and creative groups called "New Wave", which was interpreted as a reflection of national characteristics in the subject matter and content of their paintings.*

***Key words:*** *fine arts, spirituality, painting, culture, style, modernism, postmodernism, image, folk art, tradition.*

Азыркы учурда укмуштуудай тездик менен өзгөрүп жаткан акциосфера, өткөн кылымда пайда болгон модернди, кийинки постмодерндүүлүктү бир топ артка чегинти, натыйжада бейне искусствосу “Жаңы этиканын” коштоосунда “трансмодерн” же “метомодерн” терминдери менен жаңыланып жатат. Бүгүнкү күндө бул процесстерге жооп кайтаруу үчүн, кыргыз сүрөт искусствосундагы иликтенип бүтө элек, а түгүл баштала элек көйгөйлөр көп. Ошондуктан кыргыз көркөм маданияттын живописиндеги классикалык искусстводон баштап, постмодерн багыттарынын өзгөчөлүгүн эске алып, заманбап искусствонун бүгүнкү абалын изилдөө актуалдуу.

Сүрөт искусствосу, бүтүн динамикалык система катары өзүнө тийиштүү жалпылыктарды камтып, элементтери ар дайым диалектикалык аракеттенүүдө болот. Ошол эле учурда сүрөт искусствосундагы жи-

вопись спецификалык түрү катары өз алдынчалуулукка ээ жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү бар. Кыргыз живописинин калыптануусу жана өнүгүүсү кыргыздардын жогорку деңгээлде өнүккөн көркөм кол өнөрчүлүк жана элдик оозеки эпикалык салттары менен тыгыз байланышта болгон. Кыргыз живописинин эң мыкты чыгармаларында, бир жагынан, элдин тарыхы менен маданиятынын катмарлары, экинчи жагынан, орус, советтик жана дүйнөлүк живопистин заманбап көркөм ыкмалары калыпка салынган.

XX кылымдын аяк ченинде, XXI кылымдын башындагы социалдык-маданий кайра куруулардын шартында кыргыз живописи жаңы тенденциялар менен – образдык жана стилистикалык көп түрдүүлүк, көчмөндөрдүн дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү, ошондой эле европалык искусствонун таасири менен байыган. Кыргыз живописи модернден кийинки постмодерндүүлүктүн сапарына түшкөнү менен алардын кенептеринде улуттук өзгөчөлүк темаларда жана маани-мазмунунда чагылдырылган.

Кыргызстандагы маданий революциянын сүрөтчүлөрү Батыштан келген заманбап искусствонун эстетикалык жана искусство теорияларына, тенденцияларына жана багыттарына активдүү кире баштады. Тарыхый себептерден улам модернизмди дээрлик билбеген Кыргызстан дароо постмодернисттик мейкиндикке тартылды. Бул көрүнүш заманбап искусство тарыхында көркөм бирикмелердин жана чыгармачыл топтун жарылышы “Жаңы толкун” деген ат менен белгилүү болду. Өткөн кылымдын сексенинчи жылдарындагы “Жаңы толкундун” эпотаждыгына баа берүү менен республиканын сүрөтчүлөрү өздөрүнүн эң алдынкы чыгармаларында кыргыз посмодернизминин стилистикалык таза вариантын калыптандырышкан.

1980-жылдардын акыркы беш жылдыгында, Кайра куруу мезгилинде цензуранын көзөмөлүнөн эркиндикке ээ болгон сүрөтчүлөргө, чыгармачылыктарында, өзгөчөлөнгөн өзүнчөлүктөрдүн жаралышынын ар тараптуу өнүгүшүнө, өнөр таануу илиминин, сүрөт искусствосунун бардык түрлөрүнүн жана жанрларынын, өсүшүнө ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

Көркөм өнөрдүн жүгүн тарткан кыргыз сүрөтчүлөрүнүн, өнөр таануучуларынын барандуу кыймылы “Жаңы толкун” тобунун чыгармалары, коомдо саясий-идеялык, нравалык-эстетикалык жана реалдуу дүйнөнү таанып билүүдө жаңыча таасир жаратты. Анткени, кандай гана стилде болбосун живопись – айлана-чөйрөдөгү чындыктын боёгу жана формалардын ар түрдүүлүгү аркылуу адамдын кабылдоосун, туюу сезимин байытат, чыгармачылык ишмердүүлүгүн жандандырат.

Көркөм сүрөт искусствосуна жаңы муундагы сүрөтчүлөрдүн келип кошулушу менен живопистеги салттуу стиль тездик менен өзгөрө баштады. Кыргызстандагы живопись ички стилистикалык бүтүмдүүлүгүнөн да бир аз айырмаланды, поэтикалык мүнөздөн – адеп-ахлак маселелерин козгоп, концептуалдык чыгармаларга, формалдуулуктан маани-мазмунга жол салып, бир топ татаалдашып, бир нече багыттарга бөлүнүп, өнүгүп-өстү. Кыргызстандын 80-жылдардагы живописинин диапазону кеңири жана көп кырдуу.

Маданият таануу илимдеринин доктору Л.А. Прыткова илимий монографиясында, жалпы кыргыз сүрөт искусствосунун жаралышы жана көркөм өнөр тармактары (живопись, графика, колдонмо-көркөм өнөрү, скульптура), сүрөтчүлөрдүн өзүнчөлүгү менен өзгөчөлөнгөндүгүн талдап иштеп чыккан. Анын “Художественная культура Киргизстана XX века: Развитие творческой индивидуальности; на материале изобразительного искусства” деген изилдөөсүндө, биз карап жаткан сүрөтчүлөр тууралуу мындай дейт: “Творчество этих художников вызвало в киргизской живописи волну эпигонства, которая отхлынула к концу 80-х годов, когда появились новые творческие силы – группа одаренных молодых мастеров (Ж.Жакыпов, Т.Огобаев, Э.Токталиев, Э.Салиев, К.Беков, Ю.Шыгаев, Давлетов, С.Торобеков). В их творческих работах индивидуально треломилось нарастание урбанизма, сказался кризис общественной и духовной жизни в конце советской эпохи, а также появились стилистические метания от основ полученной реалистической школы к современным постмодернистским течениям. В их произведениях нередко зыражена “апокалиптичность” мироощущения, напряженный поиск духовных опор, обращение этнокультурной памяти, тяга к таинственно-метафизическому” [1, 130-б.].

Сүрөтчүлөрдүн чыгармаларында өздүк өзгөчөлөнгөндүгү бул иште каралганы менен, ошол чейрек кылымдагы бурулуштун таасири жөнүндө, алардын ар биринин чыгармачылык тагдыры тууралуу илимий иштер жазыла элек. Алардын чыгармачылыгынын таасири эбегейсиз зор болгондуктан – бул феномен жалпы көркөм маданиятта өз ордун тапкандыгын бүгүнкү күндө баса белгилеп жатабыз. Ошондой эле, кыргыз сүрөт искусствосундагы живописинде классикалык, “соцреализм”, “реализм”, “неореализм” багыттарынын ортосундагы жылма, майда, өткөөл айырмалары, “модернизм” менен “постмодернизм” багыттарынын классикалык искусстводон кескин айырмачылыктары карала элек.

Албетте, көркөм өнүгүү жолунун тагдыры татаал, ал улуттук мүнөздү өзүндө камтыган, нукура элдик көркөм өнөр тарыхы, анын өнүгүү процесстеринин бардык кырдаалдарында жыйналган профессионалдык өнөрдүн мурастарына таянат. Анан ошол көркөм салттардын элдик эстетикасы, турмушу, саясий-социалдык абалы, этикасы жана идеялары менен байланышкан маданий өнүгүштүн алгылыктуу жак-

тарынын учугун улап, мазмунун тереңдетип, жаңычыл салттары менен байыйт, же тескерисинче, ошол руханий дөөлөтүбүздө уруктанган көркөм салттар дагы кедерги идеяларды, обу жок шөкөттөөлөрү менен мотивдериндеги маңызсыз жактарын иргейт же жээрийт да четке кагат.

“Жаңы толкундун” алгач Кыргызстанда цензурага дуушар болгону, эгемендүүлүккө чейин СССР мезгилинде эле борбор шаар Москвада жаш сүрөтчүлөрдүн эмгектери тартууланган көргөзмөдө көрүүчүлөрдү мактоо сөздөрү жакшы таасир калтырды. Атайын уюштурулган жаштардын Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөсүндө “Жаңы-Толкун” тобунун өкүлдөрү Ж.Жакыпов, Э.Токталиев, Т. Огобаевдер биринчи даражадагы “Дипломдор” менен сыйланышты. Кыргыз сүрөтчүлөрү живописке инновациялык концепцияларды киргизүү менен бирге жаңы формаларды жана образдарды издеп жатышты.

Искусство таануучу А. Морозов (жаш живописчилери тууралуу айтылган пикирди маанисин өзгөртпөө үчүн орус тилинде түзмө-түз берилди): “Проникновение “концептуальной” картины имеет место и в молодой живописи Кыргызстана. Очень долго она придерживалась “эпического канона”, сложившего под влиянием С.Чуйкова. теперь наряду с этой тенденцией существуют работы Т.Огобаева, Ж.Жакыпова. Зерно их – наблюдение жизненных ситуаций, типов, среды, далеких от идеальной гармонии… Можно было удивляться, сколь далек целостный поэтический мир кыргызской живописи от конфликтов, отразившихся, например, в прозе Ч.Айтматова. В середине 80-х годов такой разрыв начинает сужаться” [2, 57-б.].

Сүрөтчү курчап турган турмуштун көп кырдуу жактарын, көп катмарлуу бүктөмдөрүн өз маңызында кабыл алып көрө билүүгө жана ошол сезимдерди чыгармачылыгында колдонууга умтулат. Ошол эле учурда бир жагынан алганда, чагылдырылган сүрөттүн тилин түшүнүүдө көрүүчүгө бир топ кыйынчылыктарды туудурат. Бул маселе кандай гана көрүнүш болбосун, искусство субъективдүү болгондуктан, чыгарманы тереңинен түшүнүү үчүн, ар бир адамдын кабыл алуусу бирдей эмес.

Жогоруда экинчи баптыт биринчи бөлүкчөсүндө белгиленип кеткендей модернизм менен постмодернизмдин өзгөчөлүктөрү мене классикалык реализм иштеринин бири-биринен айырмачылыктары бар, ал нерселердин баарын “Жаңы толкундун” жалпы сүрөтчүлөрү образдуу чагылдырууда чыгармачылыгында алгылыктуу колдонушкан. Башта айтылган нерселерди кененирээк чечмелеш үчүн кайрадан карап чыгалы. Постмодерндик искусствого мүнөздүү болгон бир катар өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

• ***Өзүн-өзү көрсөтүү*** ыкмаларын тандоодо сүрөтчүнүн чексиз, абсолюттук эркиндиги.

• ***Салттуу образдарды кайра карап чыгуу*** жана аларды жаңы контекстке кошуу (ушундан улам ремейктердин, интерпретациялардын, көркөм цитаталардын, иллюзиялардын кеңири таралышы – бул белгилүү булакка кыйыр түрдө шилтеме кылуунун жолу).

• ***Синкретизм,*** башкача айтканда, гетерогендик элементтердин, кээде бири-бирине карама-каршы келип, бир бүтүндүккө биригиши (мисалы, сүрөтчүнүн бир живописте түрдүү стилдерди колдонуусу, ал тургай живопистин искусствонун башка түрлөрү менен айкалышы).

Замандын талабы жана коомдук аң-сезимдин өсүшү менен элдин кабыл алуусу, сүрөтчүнүн дүйнөгө болгон көз карашы да чогуу өзгөрөт турбайбы. Ошол себептен бир гана искусстводо эмес жалпы коомдогу жагдай тууралуу С.А. Кравченконун цитатасында мындай делет: “Постмодерн представляет собой эпоху в развитии человечества для которой характерно нелинейное развитие, качественное увеличение неопределенности многих социальных реалий, что связано со случайностью, многовариантностью и альтернативностью развития, а также с возникновением виртуальных реальностей, в которых господствуют симулякры и симуляции. Для нелинейной социокультурной динамики естественным являются разрывы социума и ризомное развитие, что, по существу, способствует концу знакомого мира и созданию мира нового с новым представлением о порядке и хаосе»” [2, 24-б.].

Постмодерн сүрөтчүнүн позициясы мурунку бардык доорлордогу сүрөтчүлөрдүн абалынан бир кыйла айырмаланып, катаал мыйзамдарды сүрөтчүлөр үчүн чектебейт. Ушунун негизинде постмодерндик сүрөтчүлөр искусствону башкача бир бурчунан карап, картина түп-тамырынан берки башкача стилде аткарышат. Концепциялаштыруу – жалпы кабыл алынган формадан жана конвенциялардан баш тартуу, эстутумду канондорду ажыратпоо, бузбоо мuktаждыктан бошотот, келээрки муундун эркин ой жүгүртүүсүн оңдоого багыттайт. Ошондуктан сүрөт искусствосундагы постмодернизмдин негизги принциптерин карап чыгалы;

• объективдүү зат – иллюзия;

• чындык эки түшүнүктүү, көп сандуу;

• билимге ээ болуу лексиканы кайра карап чыгуунун чексиз процесси;

• реалдуулук адамдын каалоосу менен аракетинин таасири астында калыптанат;

• адамдын таанымы дүйнөнү чагылдырбайт, бирок аны чечмелейт жана эч бир чечмелөө экинчисинен артыкчылыгы жок ж.б.

Жаңы көркөм практика көрсөткөндөй, классикалык искусство чыгармалары бааланган мурунку колдонулган критерийлер, XX-XXI кылымдын башында пайда болгон искусствого колдонулбайт. 1915-жылы суперматизм багытын негиздеген К. Малеевичтин

“Искусство токтоду, мындан аркы башка багыт жок” деген жарыясы, тескерисинче, жаңы идеяларды, синтездик жаңы искусстволорду жана ошондой эле өндүрүш практикаларында колдонулуучу дизайн форматын, рекламалык каражаттарды көркөмдүү жана жеткиликтүү көрсөтүүгө алып келди. Кыскача айтканда искусство өлбөй эле, кайрадан жаңырды. Постмодерндик дүйнө таанымы аркылуу өнөр ээлери искусстводогу мамилесин чыгармачылыктагы өздүк же “мендик” визуалдык образын табышты.

Постмодернизм философияны, искусствону, гуманитардык илимдерди, жада калса күнүмдүк турмуштук тажрыйбаны да өзүнө камтыйт. Постмодернизм – модерндүүлүктүн инновациясына болгон реакциянын бир түрү. Аны постмодерндик эстетикалык позициясын карап чыксак, концептуалдык конструкцияларды обочолонтуудан баш тартат, жана ошондой эле “чектерди” ачыктыкка, баалуулукка жана биринчи кезекте классикалык, маданий баалуулук багыттарын туруксуздаттырат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, эстетикалык жактан алсак, постмодернизм жана абстракциянын түрлөрү – белги, так, сызык, чекит, түс, жана башка элементтердин жардамы менен сүрөт чагылдырууда сүрөтчү ички жана сырткы эмоциясы аркылуу аткарат. Кээ бир эмоция менен иштелген картинаны караганда андагы чийим эксспресивдүү болгондуктан экинчи ирет так өзүндөй кайталоого мүмкүн эмес. Башкача айтканда автордун өзү да кайра көчүрүүгө мүмкүн эмес, оригиналдуу кайталангыс чийим жана “так” (пятно) менен көрсөтөт.

Кыргыз “Жаңы толкун” тобунун сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылыгы стили жаңы багыттарды камтыган менен тематикалык жактан ошол эле кыргыз эпикалык жана каада салт, ырым жырым турмуш маселелерин эмгектеринде чагылдырышкан. Мисалы Э.Салиевдин “Кары аңчы”, “Кызгалдак өскөн жайык”, Ж.Жакыпов “Курмандык чалууу”, “Көч”, “Чоң фольклор”, Матураимов “Гораждар”, Ю.Шыгаев “Жылкы”, “Ысык-көл” ж.б.

1970-1980-жылдары жаңыча темаларды жана живописттик тилдин айкын каражаттарын изденүү боюнча Сатар Айтиев жана Жамбул Жумабаев алгачкылардан болушту. Алар башында модернисттик багытты эл жана сынчылар кандай көз караште кабыл алышат деген тартынуу жана уялуу менен өз чыгармачылыгына арсар мамиледе карап, бул багытта активдүү киришүүгө бир аз бушайман болушкан. Себеби, ал мезгилде цензуранын диктатурасы дагы деле күчүндө эле. Чыгармачыл адам үчүн анын ою-кыялына эркиндик бербей капаска кармоодон өткөн кыйынчылык жок болсо керек. Изденүү, баамдоо аркылуу ал жан-дүйнөсүнүн тереңине батып, жашоо-турмуш, дүйнө-коом сыяктуу маселелерге көз чаптырып, аны көркөмдөп образдар аркылуу, күзгү сымал ачыктап көрсөтөт.

Негизи эле, дасыккан сүрөтчүбү же чыгармачыл жолго жаңы аттанган, бирөөбү, эгерде ал чыгармачылыгындагы көйгөйлүү маселелерин маңызына чыгарууга аракеттенген учурдагы эмгек менен түйшүктөн – өткөн азап жок. Алган билимиң жана көп кырдуу эмгек менен гана ошол тоскоолдуктарды жеңип чыгып, ишиң натыйжалуу болуп, баштапкы оюң жигердүү ишке ашса – өнөрдөн өткөн ырахат жок, ошол учурда бактылуу сезимдерге балкып каласың. Бул кыйынчылыктар чыгармачылык жолдогу тажрыйба 1 жылбы, 10 жылбы, 40 жылбы айырмасы жок, баары эле түйшүктүү эмгек менен ар дайым изденүүнүн үстүндө жүрөт. Айырмасы бир баскычты баскандан кийин башкасына аттануу күтөт. Ар бир этаптын, ар бир чебердин жана ойчулдун өз чыгармачылык даражасына ылайык өз түйшүгү бар.

**Жыйынтыктап айтканда**, кыргыз көркөм сүрөт искусствосунун баралына толуп, зиректикке жетишине улуу муундагы сүрөтчүлөрдүн күчтүү катмарына 80-90-жылдарга келип кошулган таланттуу сүрөтчүлөрдүн, «Жаңы толкун» тобу чоң салымын кошуп, кылымдын жемиштүү этабына күбөдөр кылышты. Жалпы көркөм чыгармачылыктын изин талдап отуруп кыргыз искусствосунун башатында турган залкар сүрөтчүлөрдүн терең таасири, жолун улантуучулук үзүлбөй, алардын шакирттери пайда болгонун байкоого болот.

**Адабияттар:**


1. Прыткова Л.А. Художник Кыргызстана как евразийский тип [Текст] / Л.А. Прыткова // Alatoo academic studies. - 2015. - № 4. - С. 206-213.
2. Морозов А.И. Поколение молодых: Живопись советских художников 1960-х–1980-х гг. [Текст] / А.И. Морозов. - М.: Сов. художник, 1989. - 252 с.
3. Кравченко С.А. Социологический постмодернизм [Текст]: теоретические источники, концепции, словарь терминов. - М., 2010.
4. Изобразительное искусство в Кыргызстане [Текст] / ред. - сост. и авт. коммент. Г. Боконбаев. - Бишкек: Курама Арт, 2007. - 410 с.
5. Бобринская Е.А. Концептуализм [Текст]: альбом / Е.А. Бобринская. - М., 1994. - 216 с. - (Новое искусство. XX в.).
6. Бобринская Е.А. Чужие? Неофициальное искусство: мифы, стратегии, концепции [Текст] / Е.А. Бобринская. - М.: Ш.П. Бреус, 2013. - Т. 1. - 495 с.
7. Венкова А.В. Денисов А.В. Культура эпохи модернизма [Текст] / Венкова А.В. Денисов А.В. мировая и отечественная художественная культура: учебное пособие отв.ред. Л.М. Мосолова, Ю.В. Лобанова. - СПб.: Изд. РГПУ им. А.И. Герцена, 2017. - С. 227-237.
8. Герман М.Ю. Модернизм. Искусство первой половины XX века [Текст] / М.Ю. Герман. - СПб.: Азбука-классика, 2008. - 480 с. - (Новая история искусства).